**ОшМУнун табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин №9 Окумуштуулар кеңешинин протоколу**

29.06.2022 Ош шаары, ,
ТТАТФ нин окуу залы, 208-аудитория

**Катышты:**

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү - 27
Катышканы – 21
Себептүү катышпаганы – 6
Себепсиз катышпаганы – жок

**Күн тартибинде:**

1. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетиндеги тарбиялык иштердин абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө (декандын тарбиялык иштер боюнча орун басары Ж.М.Султановдун .баяндамасы).
2. Билим берүү программасынын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процедурасын кайра карап чыгуу жөнүндө (программа жетекчилеринин баяндамасы).
3. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин, кафедралардын веб сайты, ж.б. маалымат ресурстарынын абалы, ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн ачыктуулугу жана жеткиликтүүлүгү жөнүндө (кафедра башчыларынын баяндамасы).
4. Окумуштуулар кеңешинин 2021-2022-окуу жылында кабыл алынган чечимдеринин аткарылышы жөнүндө (Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор А.Г.Низамиевдин баяндамасы).
5. Көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктерди жана сунуштарды талкуу, иш пландарды иштеп чыгуу жөнүндө (Комиссиянын баяндамасы).
6. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду:**

**1. Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин деканы, профессор А.Г.Низамиев:** Окумуштуулар кеңешинин 27 курамынын ичинен 21 мүчө катышып жатат. Демек, кворум бар. Окумуштуулар кеңешин баштоого добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:

Макул – 21;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Рахмат! Урматтуу коллегалар, Сиздерге Окумуштуулар кеңешин баштоого уруксат бериңиздер.

**Төрага:** 1-маселе боюнча табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетиндеги тарбиялык иштердин абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө декандын тарбиялык иштер боюнча орун басары Ж.М.Султанов билдирүү бериңиз.

**Талкуу: декандын тарбиялык иштери боюнча орун басары, улук окутуучу Ж.М.Султанов**: саламатсыздарбы, урматтуу кесиптештер?. 2021-2022-окуу жылында факультеттин тарбиялык иштери боюнча бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлдү. Алардын ичинен өзгөчө спортко болгон жоопкерчилик күчөтүлдү. Ар бир аткарылган иш чаралар студенттер жана окутуучулар тарабынан жактырылып, интернет тармактарына, фейсбук баракчаларына жайгаштырылды.Окутуучуларды жумушка кабыл алууда жаш өзгөчөлүгүн

да эске алсак.(баяндама тиркелет).

**Төрага:** рахмат, сиз айткан сунуштарды эске алабыз. Туура, эми кимде кандай суроо бар?Анда эмесе, эч кимде суроо жок болсо кийинки маселеге өтөлү. Билим берүү программасынын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процедурасын кайра карап чыгуу жөнүндө программа жетекчилеринин баяндамасына көңүл бөлсөк.

**Талкуу: декандын окуу иштери боюнча орун басары, х.и.к., доцент К.К.Сапаров**: Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинде бул боюнча программа жетекчилери тарабынан бир топ иштер жүргүзүлүп жатат. Комиссиянын курамы бекитилген, иштеп жатышат. Анда эмесе, бүгүн сиздер менен НББПны талкуулап, бекитип алсак.

**Г.и.к., доцент З.Э.Шербаева:** НББПмаксаттарын, окутуунун натыйжаларын жана стандарттарын талкуулоо менен бирге кошумча компетенцияларды да кабыл алсак, айрыкча адистик боюнча предметтик сабактардан керек. Биз да НББПны бекитүүгө толугу менен макулбуз.

**Төрага:** рахмат, сиздерге анда эмесе бүгүнкү кеңешменин токтому менен НББПны бекители. Ал эми жумушчу топ сиздер окутуунун натыйжасын жана стандарттын компетенцияларын талкуулап, адистиктер боюнча кошумча компетенциялар болсо киргизгиле. Күн тартибиндеги кийинки маселеге өтсөк. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин, кафедралардын веб сайты, ж.б. маалымат ресурстарынын абалы, ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн ачыктуулугу жана жеткиликтүүлүгү жөнүндө кафедра башчыларынын баяндамасына кеп кезегин берели. Жалпы кафедралар биригип, бирөөңүздөр өз ойлоруңуздарды билдирсеңиздер.

**Талкуу: Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент К.Т.Самиев:** биздин факультетте сайт менен иштөө туура жолго коюлган жана бир жооптуу адам дайындалган. Ар бир жасаган иштериңиздерди сайтка жүктөп турсаңыздар, кудай буюрса аккредитация келген учурда эч кандай көйгөй жаралбайт.

**Төрага:** Окумуштуулар кеңешинин 2021-2022-окуу жылында кабыл алынган чечимдеринин аткарылышы жөнүндө баяндама бере кетейин. 2021-2022-окуу жылында кабыл алынган чечимдер баары аткарылды. Бул боюнча маалыматтар ар бир баяндамачынын колунда сакталган. Өзгөчө талаа, өндүрүштүк практикалар боюнча да өзүнчө маселе кылып киргизели. Сиздер эмне дейсиздер?

**Талкуу: декандын окуу иштери боюнча орун басары, х.и.к., доцент К.К.Сапаров**: Эң туура, мен сиз айткан сунушка кошулам, анткени жыл сайын эле педагогикалык практикалар боюнча отчет берилет, а бирок талаа жана өндүрүштүк практика боюнча отчет жок. Көпчүлүк колдойт деп ойлойм.

**Төрага:** Көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктерди жана сунуштарды талкуу, иш пландарды иштеп чыгуу жөнүндө комиссиянын, башкача айтканда программа жетекчилеринин баяндамасына көңүл бөлсөк.

**Талкуу:** б.и.к., доцент Р.Муратова: быйылкы окуу жылында биз ветеринария адистиги аккредитациядан өттүк, бирок, бир жылдык мөөнөт менен гана. Айрым кемчилдектерди оңдоп түзөө менен шарттуу түрдө өткөрдү.

Т.и.к., доцент Д.А.Абжапарова: Геодезия адистиги 3 жылдык мөөнөт менен аккредитациядан өттүк. Мобилдүүлүк боюнча иштерди жүргүзүп жатабыз, сапаттык көрсөткүчтү көтөрүүнүн үстүндө иштеп жатабыз, жаңы аппаратуралар алынды.

**Төрага:** Анда эмесе ар түрдүү маселелерге кезек берели.

**6. Ар түрдүү маселелер.**

**6.1. Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын улук окутуучусу Абдымомунова Бүниса Аметжановнаны штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын улук окутуучусу Абдымомунова Бүниса Аметжановнаны улук окутуучулук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Т.и.д., профессор М.Д.Абдуллаева, б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров, б.и.к., доцент Р.Т.Муратова, г.и.к., доцент К.Т.Самиев сөзгө чыгышып, ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын улук окутуучусу Абдымомунова Бүниса Аметжановнанын жаштарга билим берүүдө өзүнүн интелектуалдык деңгээлин жана педагогикалык чыгармачылыгын жогорку даражада көрсөтө алгандыгын, көп жылдык эмгек тажрыйбасын эске алып, улук окутуучулук кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 19;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**Төрага:** Жогорудагы айтылган ой пикирлерге макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**6.2. Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын улук окутуучусу Камчиев Улан Мансуровичти штаттык жана вакантгык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын улук окутуучусу Камчиев Улан Мансуровичти улук окутуучулук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Т.и.к., доцент И.Ж.Полотов, б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров, б.и.к., доцент Р.Т.Муратова, г.и.к., доцент З.Э.Шербаева сөзгө чыгышып, физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын улук окутуучусу Камчиев Улан Мансуровичтин билим деңгээлинин жогорулугун, илимий долбоорлорго активдүү катышкандыгын, студенттердин арасындагы аброюнун бийиктигин, чет өлкөлөргө барып сиңирген эмгектерин эске алып, улук окутуучулук кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 19;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.

Рахмат.

**6.3. Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Султанов Жанарбек Маматкуловичти штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Султанов Жанарбек Маматкуловичти улук окутуучулук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Т.и.д., профессор М.Д.Абдуллаева, б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров, б.и.к., доцент К.Ы.Стамалиев, п.и.к., доцент Д.А.Эмилбекова сөзгө чыгышып, экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Султанов Жанарбек Маматкуловичтин факультеттеги сиңирген эмгегин, тарбиялык иштерге кошкон салымын, ийгиликтерин эске алып, улук окутуучулук кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 10;
«Каршы» – 8;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**6.4. Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Кеңешбаева Динара Сатыбалдиевнаны штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүү**

**Угулду:**

**Төрага:** Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Кеңешбаева Динара Сатыбалдиевнаны улук окутуучулук кызмат ордуна конкурстук шайлоодон өткөрүү боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмөсү тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Т.и.д., профессор М.Д.Абдуллаева, б.и.к., доцент А.М.Абдыкааров, б.и.к., доцент К.Ы.Стамалиев, п.и.к., доцент Д.А.Эмилбекова сөзгө чыгышып, экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Кеңешбаева Динара Сатыбалдиевнанын факультеттеги сиңирген эмгегин, илимий иштерге кошкон салымын, ийгиликтерин эске алып, улук окутуучулук кызмат орунга конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу экендигин айтып өтүштү.

**Төрага:** Конкурстук шайлоодон өтүүгө татыктуу, макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 8;
«Каршы» – 10;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**6.5. 520200 Биология багытынын окуу планынын талкуу жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүү**

**Угулду:**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин деканы, профессор Низамиев А.Г.:** 520200 Биология багытынын окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча кафедранын кеңешмесинин чечими менен тааныштыруу үчүн сөз зоология жана экология кафедрасынын башчысы, доцент А.Абдыкааровго берилет.

**Зоология жана экология кафедрасынын башчысы, доцент Абдыкааров А.М.:** 520200 Биология багытынын окуу планы 2020-жылдын сентябрь айында бекитилген. Бирок, окуу процессин оптималдаштыруу максатында ага бир аз өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл болуп жатат. Тагыраак айтканда, кесиптик циклдеги 4 кредит каралган биофизиканы 3 кредитке, ушул эле 6 семестрдин тандоо курсундагы 3- жана 4- дисциплиналарды 4 кредиттен 3 кредитке түшүрүү менен алардан пайда болгон 3 кредитти профиль боюнча адистешкен практикага өткөрүү зарыл болуп жатат. Себеби, бул профилдик практикага 3 кредит жетишсиз. Ошондой эле бул багыттын студенттери 3-курста окуй электигине байланыштуу мындай өзгөртүүлөр көйгөй жаратпайт. Колдоп берүүңүздүрдү суранам.

**Төрага:** Кимде кандай сунуш-пикирлер бар?

**Талкуу:**

**Б.и.к., доцент К.Ы. Стамалиев:** Практикалар окуу процессинин негизги бөлүгүн түзөт. Практикаларга бөлүнгөн 15 кредит албетте аз. Ошондуктан киргизилип жаткан өзгөртүүлөр туура. Мен колдойм.

**Б.и.к., доцент Каримов Б.А., г.и.к., доцент К.Т. Самиевдер** бул сунушту колдошоорун билдиришти.

**Төрага:** 520200 Биология багытынын окуу планынын талкуу жана ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Токтомго добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.

**6.6. Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасында 2022-2023-окуу жылы үчүн 550100-“Табигый илимий билим берүү” багыты география профилине экинчи кесиптик билим алууну каалаган жана орто кесиптик билими бар адистиктерди кабыл алуу жөнүндө.**

**Угулду:**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин деканы, профессор А.Г.Низамиев:** физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасында 2022-2023-окуу жылы үчүн 550100-“Табигый илимий билим берүү” багыты география профилине экинчи кесиптик билим алууну каалаган жана орто кесиптик билими бар адистиктерди кабыл алуу боюнча кафедранын кеңешмесинин чечими менен тааныштыруу үчүн сөз физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын башчысы, доцент З.Э.Шербаевага берилет.

**Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын башчысы, доцент З.Э.Шербаева:** Заман талабына ылайык жана стейхолдерлердин

(бүтүрүүчүлөрдүн) кайрылуулары көп болгондугуна байланыштуу, Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасында 2022-2023-окуу жылы үчүн 550100-"Табигый илимий билим берүү" багыты география профилине экинчи кесиптик билим алууну каалаган жана орто кесиптик билими бар адистиктерди кабыл алуу зарылчылыгы келип чыкты. Бул адистиктер бири-бирин толуктап турат. Ошондуктан бул маселени колдоп берүүңүздөрдү суранам.

**Төрага:** Кимде кандай сунуш-пикирлер бар?

**Талкуу:**

**Г.и.к., доцент К.Т.Самиев:** Бүтүрүүчүлөр турмуш шарттарына жараша кесибин өзгөрткөнгө да туура келип жатат. Мен колдойм.

**Улук окутуучу А.Т.Зулушова, ага окутуучу Ж.М.Султановдор** бул сунушту колдошоорун билдиришти.

**Төрага:** Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасында 2022-2023-окуу жылы үчүн 550100-"Табигый илимий билим берүү" багыты география профилине экинчи кесиптик билим алууну каалаган жана орто кесиптик билими бар адистиктерди кабыл алууга макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Токтомго добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.

**6.7. Низамиев А.Г., Момошева Г.А. "Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн экономикалык-географиялык негиздери" аттуу монографияны басмага сунуштоо жөнүндө.**

**Угулду:**

**Төрага:** Низамиев А.Г., Момошева Г.А. "Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн экономикалык-географиялык негиздери" аттуу монографияны басмага сунуштоо боюнча билдирүү жасады (кафедранын кеңешмесинин токтомунан көчүрмө тиркелет) Кимде кандай сунуштар бар?

**Талкуу:**

Б.и.к., доцент А.М.Абдыкаaров, т.и.к., доцент Д.А.Абжапарова, г.и.к., доцент З.Э.Шербаевалар жарыш сөзгө чыгып сүйлөшүп, кыргыз тилинде мазмундуу жазылган жана жаш окутуучулар, аспиранттар, студенттер үчүн эң зарыл болгон монография экендигин баса белгилеп басмага сунуш кылышты.

**Төрага:** Низамиев А.Г., Момошева Г.А. "Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн экономикалык-географиялык негиздери" аттуу монографияны басмага сунуштоого макулмун деген мүчөлөр добуш бериңиздер.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
«Макул» – 21;
«Каршы» – жок;
«Калыс» – жок.
Рахмат.

**Төрага:** Анда эмесе токтом менен тааныштырууга уруксат берүүңүздөрдү суранам.

## ТОКТОМ:

1.Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетиндеги тарбиялык иштердин абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө декандын тарбиялык иштер боюнча орун басары Ж.М.Султановдун баяндамасы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
2. Билим берүү программасынын максаттарын жана окутуунун натыйжаларын, аларга өзгөртүүлөрдү киргизүү процедурасын кайра карап чыгуу жөнүндө программа жетекчилеринин баяндамасы канааттандыраарлык деп кабыл алынып, кошумча компетенциялар киргизилсин.
3.НББП максаттарын, окутуунун натыйжаларын жана стандарттагы компетенцияларды талкуулоо канааттандыраарлык деп кабыл алынып, негизги билим берүү программасы бекитилсин.
4. Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин, кафедралардын веб сайты, ж.б. маалымат ресурстарынын абалы, ички жана тышкы стейкхолдерлер үчүн ачыктуулугу жана жеткиликтүүлүгү жөнүндө кафедра башчыларынын баяндамасы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
5. Окумуштуулар кеңешинин 2021-2022-окуу жылында кабыл алынган чечимдеринин аткарылышы жөнүндө окумуштуулар кеңешинин төрагасы, профессор А.Г.Низамиевдин баяндамасы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
6. Окумуштуулар кеңешинин 2022-2023-окуу жылындагы иш планына талаа жана өндүрүштүк практикалар боюнча баяндама жасоо киргизилсин.
7. Көз карандысыз аккредитациядан өткөн билим берүү программаларындагы кемчилдиктерди жана сунуштарды талкуу, иш пландарды иштеп чыгуу жөнүндө комиссиянын баяндамасы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
8.Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын улук окутуучусу Абдымомунова Бүниса Аметжановнаны штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
9.Ботаника, жалпы биологиялык дисциплиналар жана БОУ кафедрасынын улук окутуучусу Абдымомунова Бүниса Аметжановна улук окутуучулук кызмат ордуна дайындалсын.
10. Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын улук окутуучусу Камчиев Улан Мансуровичти штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
11. Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасынын улук окутуучусу Камчиев Улан Мансурович улук окутуучулук кызмат ордуна дайындалсын.
12.Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Султанов Жанарбек Маматкуловичти штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык деп кабыл алынсын.
13.Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Султанов Жанарбек Маматкулович улук окутуучулук кызмат ордуна дайындалсын.
14.Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун бекитип берүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.
15. Экономикалык география, тармактык экономика жана туризм кафедрасынын улук окутуучусу Кеңешбаева Динара Сатыбалдиевнаны штаттык жана ваканттык орундарга сунуштоо боюнча шайлоо өткөрүүнүн жыйынтыгы канааттандыраарлык эмес деп кабыл алынсын.

16.Окуу процессин оптималдаштыруу максатында 2020-жылы бекитилген 520200 Биология багытынын окуу планына өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча зоология жана экология кафедрасынын кафедра башчысы, доцент А.М.Абдыкааровдун сунушу жактырылсын.

17. 520200 Биология багытынын кесиптик циклиндеги профилдер боюнча адистешкен практиканын кредитин 3 кредиттен 6 кредитке жогорулатууга жана бул кредитти тиешелүү циклдеги дисциплиналардын эсебинен толуктоого уруксат берилсин.

18. Физикалык география, Кыргызстандын географиясы жана ТТК кафедрасында 2022-2023-окуу жылы үчүн 550100-"Табигый илимий билим берүү" багыты география профилине экинчи кесиптик билим алууну каалаган жана орто кесиптик билими бар адистиктерди кабыл алуу жагы университеттин Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

19. Низамиев А.Г., Момошева Г.А. "Кыргызстандын түштүк аймагындагы кичи шаарлардын өнүгүүсүнүн экономикалык-географиялык негиздери" аттуу монография басмага сунушталсын.

20.Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин токтомун бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунушталсын.

Табият таануу, туризм жана агрардык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин төрагасы,
г.и.д., профессор: А.Г. Низамиев

Окумуштуу катчы, улук окутуучу: Ж.Т. Шерматова